ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 339.188.2 DOI:10.35803/1694-5298.2022.1.247-254

**УСОНАЛИЕВА Д.А., МАМЫТОВ А.С., МЫРЗАЛИЕВА М.А.**
[1]БГУ им. К.Карасаева, Бишкек, Кыргызская Республика

**USONALIEVA D.A., MAMYTOV A.S., MYRZALIEVA M.A.**
BSU n.a. K.Karasaeva Bishkek, Kyrgyz Republic
dusonalieva@bhu.kg amamytov@bhu.kg myrzalieva-madina@mail.ru

# КЕРЕКТӨӨ РЫНОГУН КАЛЫПТАНДЫРУУ ШАРТТАРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# СВОЕОБРАЗИЕ УСЛОВИЙ ФОРМИРОВАНИЯ ПОТРЕБИТЕЛЬСКОГО РЫНКА

# CUSTOMIZATION OF CONSUMER MARKET FORMATION CONDITIONS

*Макалада керектөө рыногунун аны калыптандыруу жана өнүгүү процессиндеги калыптандыруу шарттарынын өзгөчөлүгү жана уникалдуулугу каралат. Өткөөл учурдун баштапкы этабында керектөө рыногу керектөө товарларынын таңкыстыгында жана ата-мекендик өндүрүштүн солгундоосунун шартында калыптанган. Ачык экономикага өтүү процессинде ата-мекендик товарлардын сунушунун жогорулоосунун эсебинен эмес, чет элдик өндүрүштүк керектөө товарларынын импорттолуусунун эсебинен товарлардын таңкыстыгы жоюлган. Ата-мекендик өндүрүшчүлөр алгач атаандаштыкка туруштук бере алышпай, ички рынокко импорттук товарларды, өзгөчө Кытайдын товарларына орун беришкен. Керектөө рыногунун өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизген негизги себептер калыптандырылып, керектөө рыногуна жагымсыз таасирин тийгизген факторлорду кыскартууга багытталган иш-чаралар сунушталды.*

***Өзөк сөздөр**: өткөөл мезгил, кризис, таңкыстык, керектөө рыногу, бааларды либеризациялоо, өндүрүштүн төмөндөшү, ички дүң продукту, жашоо деңгээли, айлык акы, жумушсуздук, калктын жакырчылыгы, өндүрүш, керектөө, импорттук товарлар, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк, сапат.*

*В данной статье рассматриваются особенности и своеобразные условия формирования потребительского рынка в процессе его формирования и развития. На начальном этапе трансформационного периода потребительский рынок формировался в условиях повсеместного дефицита потребительских товаров и падения отечественного производства. В процессе перехода к открытой экономике дефицит товаров был ликвидирован, но не счет увеличения предложения товаров отечественного производства, а за счет импорта потребительских товаров иностранного производства. Отечественные товаропроизводители не выдержали конкуренции и на внутренний рынок хлынули импортные товары, прежде всего, товары из Китая. Сформулированы основные причины, тормозящие развитие потребительского рынка и предложены меры по сокращению факторов, негативно влияющих на потребительский рынок.*

***Ключевые слова:** трансформационный период, кризис, дефицит, потребительский рынок, либерализация цен, падение производства, валовой внутренний продукт, уровень жизни, заработная плата, безработица, бедность населения, производство, потребление, импортные товары, конкурентоспособность, качество.*

*This article examines the peculiarities and peculiar conditions of the formation of the consumer market in the process of its formation and development. At the initial stage of the transformation period, the consumer market was formed in the context of a widespread shortage of consumer goods and a decline in domestic production. During the transition to an open economy, the shortage of goods was eliminated, not by increasing the supply of domestically produced goods,*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*out by importing foreign-made consumer goods. Domestic producers could not stand the competition and imported goods poured into the domestic market, primarily goods from China. The main reasons hindering the development of the consumer market are formulated and measures are proposed to reduce the factors that negatively affect the consumer market.*

***Key words:*** *transformation period, crisis, deficit, consumer market, price liberalization, decline in production, gross domestic product, standard of living, wages, unemployment, poverty, production, consumption, imported goods, competitiveness, quality.*

Административдик башкаруу системасынан рыноктук системага өтүү мурдакы советтик республикалар үчүн абдан чоң сыноолорду жаратып, экономиканын дээрлик бардык тармактарында керектөө рыногуна терс таасирин тийгизген терең кризистик кырдаалдарды алып келген радикалдуу реформаларды жүргүзө баштакан. Айрыкча терс факторлордон болуп, Союздук мамлекеттердин кыйрашы жана көз карандысыз мамлекеттердин түзүлүшү совет бийлигинин жылдарында жаралган советтик республикалар менен тармактардын ортосундагы байланыштардын токтолушуна; борбордук каржылоонун токтотулушуна алып келип, жаныдан түзүлгөн мамлекеттер субсидия ала албай калышкан жана ата-мекендик даяр продукцияны сатуу рыногу жоголгон.

Түзүлгөн кырдаал мурдакы бардык советтик республикалардын экономикаларынын абалына кедергисин тийгизген. Өзгөчө жана экономикага тереңирээк тийгизген таасир болуп жаш көз карандысыз мамлекеттердин чарбанын рыноктук методуна өтүүдөгү социалдык-экономикалык кайра жаралуулары мурдакы Союздун башка республикаларындагыдай эле Кыргызстанда дагы ыкчам темпте өтө баштаган.

Өткөөл экономиканын шартында Кыргыз Республикасында керектөө рыногунун өсүп-өнүгүүсү жана калыптануу шарттарынын өзгөчөлүгүн айкындоо изилдөөнүн максатын түздү. Коюлган максатка жетүү үчүн изилдөөнүн тапшырмалары катарында өлкөнүн рынокко өтүү мезгилинен баштап өнүгүүсү каралып, калктын кирешеси, жумуш менен камсыздалуусу, жакырчылык көрсөткүчтөрү такталып, чет элдик товарлардын келүүсүнүн керектөө рыногуна таасири аныкталып, товарлардын жана тейлөөлөрдүн өнүгүүсүнүн заманбап рыногу бааланды.

*Керектөө рыногунун калыптануусуна мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктоодо ата-мекендик тажрыйбалардын маалыматтарын жалпылоодо абстракттык-логикалык, аналитикалык, конкреттүү тарыхый, эксперименттик, экономикалык-статистикалык методдор, жана ошондой эле эксперттик баалоо методдору колдонулду. Маалыматтык база катарында Улуттук статистикалык комитеттин, министерство менен ведомстволордун маалыматтары жана өздүк экономикалык эсептер колдонулду.*

Реформалардын өтө тездик менен ыкчам жүрүшү экономикадагы кризисти андан бетер терендеткендиктен улам терең трансформациялык кризис калыптанган [1, 27-б.].

Трансформациялык өткөөл мезгилдеги ички керектөө рыногунун калыптанышында жана жөндөлүшүндө эң бирден-бир маанилүү жана өзгөчө шарттарынын бири болуп көптөгөн ишканалардын иштерин токтотушу жана банкрот болушу эсептелип, анын кесепетинен ата-мекендик экономиканын бардык тармактарында өндүрүштүн көлөмү кескин кыскарып, анын ичинде элдин керектөө товарларын өндүргөн тармактар дагы азыйып, ата-мекендик керектөө товарларынын таңкыстыгы күчөшүнө алып келген [2, 18-б.].

Маселен, Кыргызстандын экономикасындагы продукция өндүргөн бардык тармактарында кескин төмөндөө жүргөн. Өндүрүштүн көлөмүнүн азаюусу 1991-1995-жылдарга таандык. Жыйынтыгында 1990-жылга салыштырмалуу 1995-жылы ИДП 50,3 пайызды гана түзүп, эки эсеге азайган болсо, өнөр-жайдын дүң продукциясы 35 пайызды, айыл-чарба өндүрүшүнүн дүн продуктусу 57 пайызды, өлкөнүн экономикасына капиталдык салымдардын көлөму 37 пайызды түзгөн.

Керектөө чөйрөсүнө экономиканын айыл-чарба өндүрүшү, айыл-чарбада өндүрүлгөн продукцияны кайрадан иштеткен ишканалар, тамак-аш жана жеңил өнөр жай тармактары түздөн-түз байланышта. Учурда өлкөнүн экономикасы бүтүндөй кризистик абалда болуу

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

менен бирге жүгүтүлүүчү каражаттардын жетишсиздигине дуушар болууда. Алардын көпчүлүгү жок болуу коркунучуна жакындагандыктыгына байланыштуу толук иштей албай, анын жыйынтыгында керектөө рыногун зарыл товарлар жана тейлөөлөр менен камсыздай албай келет. Аны менен катар экономикада калктын жумуш менен камсыз болуусу кескин кыскарып, анын кесепетинен жумушсуздук пайда болуп, калктын кирешеси кескин төмөндөшүнө алып келген[3]. Инфляциянын таасиринен улам керектөө товарларынын баасы кыйла жогорулагандыктан абал андан дагы татаалданып, анын натыйжасында кирешенин 50 пайыздан көбү азык-түлүк товарларын керектөөгө жумшалган.

Рынок системасына өтүүдөгү керектөө рыногунун калыптануусуна терс таасирин тийгизген бөлөк шарттардын бири катары калктын жашоо деңгээлинин кескин төмөндөшү эссептелип, өлкөнүн бардык булуң бурчунда жакырчылык кеңири кулачын жая баштаган. Айта кеүүчү нерсе болуп, административдик-башкаруу системасында өлкөдө мындай кырдаал болгон эмес. Өлкөнүн жалпы калкынын ичинде кедей адамдардын пайыздык үлүшү жогорулап, Кыргыз Республикасында кедейчилик туруктуу жайылтылган системага айланган. Калктын жакырчылыгынын деңгээли 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча 2019-жылы жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган адамдардын саны 1 млн. 313 миң адамды түзсө, анын 73,8 пайызы айылдын тургундары болуп эсептелет.




1-сүрөт. Жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган адамдардын үлүштүк көлөмү,% [4]

Жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган адамдардын санынын кыскаруусу 2018-жылга салыштымалуу 2019-жылы Талас облусунда 8,8%ды көрсөтсө, Джалал-Абад облусунда 5,3%, Нарын облусунда 2,5%, Баткен облусунда 1,2%, Ош облусунда 0,7%, Республиканын борбору болгон Бишкекте бул көрсоткүч 3,5%га, ал эми Ош шаарында 14,8%га өзгөргөн. Андан тышкары, жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган адамдардын санынын өсүшү Чүй облусунда дагы байкалып 3,5% ды түзсө, Ысык-Көл облусунда 2,9%ды түзгөн.

Өткөөл мезгилде Кыргыз Республикасы агрардык өлкө болгонун дагы баса белгилеп айтып кетүү зарыл. Ал учурда өнөр-жайдын экономикадагы үлүшү кыскарып, жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсү кыйла азайып, жумушсуздук көбөйүп, жумуш орундары бир топ азайып, көптөгөн ишканалар толук кубаттуулукта иштебей, ири ишканалардын бөлүктөрү банкрот болуп, иштерин токтотушуп, өнөр жай өндүрүшүнүн бүт тармактары жок болду.

Калктын жумушсуз катмары өз алдынча ишке орношуу, айлык маяна алуу боюнча болгон мүмкүнчүлүктөрдү издеп, айрым учурда андай иштерди тапканы менен айлык маяналары абдан төмөн болгон жана өз учурунда берилбей кармалып жатып берилген. Кандай болбосун алардын айлыктары кичине болсо дагы кирешенин булагы болчу. Азыркы учурда дагы, 30 жылдык көз карандысыз өнүгүүдөн кийин, Кыргызстан ЕАЭБдин башка

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

мамлекеттерине салыштырмалуу эң төмөнкү эмгек акыга ээ экенин 1-таблицанын маалыматынан байкасак болот. ЕАЭБге Кыргыз Республикасы 2015-жылдан бери мүчө.

1-таблица. ЕАЭБ өлкөлөрүндөгү орточо номиналдык айлык акы, (АКШ долл.) [5]

| | 2005 | 2010 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Армения | 114 | 275 | 359 | 363 | 368 | 358 | 380 | 388 |
| Беларусь | 215 | 407 | 413 | 361 | 426 | 476 | 523 | 508 |
| Казахстан | 256 | 527 | 568 | 418 | 463 | 472 | 488 | 515 |
| Кыргызстан | 64 | 156 | 209 | 212 | 228 | 239 | 247 | 239 |
| Россия | 302 | 690 | 561 | 549 | 671 | 699 | 740 | 710 |

Калктын кирешесинде эмгек акынын ээлеген орду кыйла төмөндөгөнү менен мурдагыдай эле, жумушчулар расмий түрдө жумуш таап, эмгек акы алууну каалашкан. Ошол учурларда кирешенин башка түрлөрү пайда болгон. Маселен, 2019-жылы колдо болгон кирешенин түзүмүндөгү эмгек акынын үлүшү 42,9 пайызды түзүп, ал эми жеке ишкердүүлүктүн үлүшү13 пайызды гана ээледи. ЕАЭБ өлкөлөрүнүн ичиндеги эң төмөн минималдуу эмгек акы биздин өлкөгө таандык экенин 1-таблицадагы маалымат кабар берип турат.

ЕАЭБ мамлекеттеринде орточо айлык акы Кыргызстанга караганда кыйла жогору. 1-таблицанын маалыматтары боюнча, ЕАЭБге мүчө башка өлкөлөрдүн эмгек акыларына салыштырмалуу Кыргызстанда жарандар эң аз эмгек акы алгандыгын жана регионго жараша эмгек акынын жогору дифференциациясы бар экендигин көрүүгө болот. Кыргыз Республикасында эмгек акынын абалы 2-сүрөттө көрсөтүлгөн.

2-таблица. Республиканын облустары боюнча эмгек акы (сом) [6]

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **2005** | **2010** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **2613** | **7189** | **13483** | **14847** | **15670** | **16427** | **17232** | **18493** |
| Баткен облусу | 1673 | 4651 | 9468 | 10093 | 10486 | 11026 | 11583 | 13682 |
| Жалал-Абад облусу | 2125 | 5986 | 12035 | 13277 | 13939 | 14600 | 15843 | 17781 |
| Ысык-Көл облусу | 3296 | 9676 | 17979 | 19800 | 21543 | 21397 | 22208 | 14202 |
| Нарын облусу | 2136 | 5770 | 12724 | 13991 | 14339 | 14925 | 15945 | 18189 |
| Ош облусу | 1281 | 3719 | 8708 | 9950 | 10180 | 10307 | 11368 | 12871 |
| Талас облусу | 1647 | 5155 | 9882 | 10625 | 11295 | 12511 | 12969 | 16538 |
| Чүй облусу | 2483 | 5736 | 11288 | 12554 | 13391 | 14114 | 14724 | 16560 |
| Бишкек ш. | 3480 | 9351 | 16526 | 18185 | 19336 | 20517 | 21082 | 23427 |
| Ош ш. | 2306 | 6104 | 11894 | 13008 | 13274 | 13804 | 14866 | 16522 |

Статистикалык жыйнактардын маалыматтарына ылайык түзүлдү: Кыргызстан цифраларда. - Б .: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети. Бир катар жылдар.

2-таблицада көрсөтүлгөн маалыматтарга ылайык, республика боюнча эң төмөнкү айлык акы Ош облусуна (12871сом) жана Баткен облусуна (13682 сом) таандык.

Калктын кирешесинде эмгек акы чоң үлүштү ээлегендиктен, анын деңгээли төмөн болгондуктан, калктын жан башына орточо кирешеси да төмөн. Айлык акынын аздыгынан калктын жан башына орточо кирешеси жашоо минимумунан 11,2 пайызга төмөн. 2019-жылдын аягында жашоо минимуму 4806,3 сомду түздү.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Айтып кетүүчү нерсе болуп, 1996-жылдан бери бир аз экономикалык жогорулоо байкалып, ички дүң продуктуну өндүрүүнүн көлөмүнүн өсүшү, өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүнүн өсүшүнүн башталганы менен, Кыргызстандын экономикасы дагы дале болсо кризистик процесстерди жеңе алган жок жана 1990-жылга чейинки, кризиске чейинки мезгилге жетише алган жок [7]. Кыргызстандын сакталып калган өнөр жай ишканалары болгон кубаттуулуктары менен 20-30 пайызга гана иштеп жатышат.

Керектөө рыногунун калыптануусунун маанилүү өзгөчөлүгү болуп суроо-талаптын төмөндөшү, эң оболу жумушчу орундардын кыскарышынын, жумушсуздуктун кулач жайышынан, калктын кирешесинин кескин төмөндөшүнөн, өлкөнүн калкынын дээрлик катмарынын жакырданышынын көбөйүшүнөн улам узак мөөнөткө колдонула турган керектөө товарларына болгон суроо-талап төмондөп, рынокко өтүүдө радикалдуу кайра жаралуулардын шартында өлкөдө өндүрүштүн төмөндөшү менен шартталган.

КМШнын башка өлкөлөрүндөй эле Кыргызстандагы өндүрүштүн көлөмүнүн дээрлик кыскарышын талдоо рыноктогу ата мекендик керектөө товарларын сунуштоодо экономикалык ишкердиктин бардык тармактарына тиешелүү болгон мурдакы Союздун карамагындагы ишканалардын ортосундагы бекемделген чарбалык байланыштардын ажырымы, рыноктук кайра жаралуулардын катачылык менен жүргүзүлүшү жана алардын тездиги, каржы ресурстарынын жетишсиздиги болгон жалпы себептер менен чектелиши керек эмес. Керектөө рыногунун өсүп-өнүгүүсүнө жана калыптануусуна таасир берген бөлөк факторлор жана өзгөчөлүктөр, себептер бар жана алардын ээлеген ордулары дагы маанилүү мааниге ээ. Мисалы, өткөөл мезгилде керектөө рыногунун түзүлүүсүнө жана жөндөлүшүнө таасир берүүчү маанилүү нерсе болуп, чарбалык субъектилерге тышкыэкономикалык ишкердикти жүргүзүүлөрү үчүн эркиндик берилген жана импорттук товар ички керектөө рыногуна тоскоолдуксуз киргендиктен керектөө суроо-талабынын товарларга болгон тартыштыгы кескин жоюлган. Бул ата мекендик ондүрүүчүлөрдүн «күрөшсүз» эле өздөрүнүн позицияларысыз ички керектөө рыногунда баш ийишип, чет элдик товар өндүрүүчүлөр менен көптөгөн көрсөткүчтөрү боюнча, алсак түрлөрү, баалары, тышкы көрүнүштөрү, жасалгалары, а түгүл сапаттары боюнча да атаандаштыкка туруштук бере алышпаганына алып келген.

Ички рыноктогу ата мекендик товарлардын позицияларынын төмондөшүнүн маанилүү фактору болуп өткөөл экономиканын ачык экономиканын калыптануу шартынын онүгүусүнө өтүүдө жөндөмсүзз болуусу чет элдик товарөндүрүүчүлөрдүн жөндөлүшүнө кеңири мүмкүнчүлүктөргө шарт түздү. Кыргызстандын ички рыногуна чет элдик товарлар анын ичинде Кытайдын товарлары кеңири кирди. Анын жыйынтыгында керектөө товарларына болгон тартыштык жоюулганы менен керектөө товарларын өндүргөн ата мекендик ишканалар импорттук товарларга карата атаандаштыкка жөндөмдөрү солгун болуп, туруштук бере ала албай калышты.

Өлкөнүн калкынын рынокто мыкты жасалган импорттук товарларга суроо-талабы арта баштаган, ал эми ата мекендик өндүрүштүн товарлары калк каалагандай боло албай, талапка ылайык келбей, керектөөчулөрдүн суроосун канааттандырбай, жыйынтыгында парадокстук кырдаал пайда болуп, ата мекендик керектөө рыногу Кыргызстандын керектөөчүлөрүнүн жетимиш пайызын чет элдик товар өндүрүүчүлөрүнүн товарларына канааттандыруу менен чет элдик товар өндүрүүчүлөрдүн ийгилигине иштеп башташкан. Ошого байланыштуу жаралган кырдаал ата мекендик товар өндүрүүчүлөрдү керектелүүчү тиричилик товарларын өндүрүүлөрүнө тоскоолдук жаратып, керектөө рыногунда ата мекендик керектүү товарларга болгон сунуштардын кыскарышына түрткү болгон. Жаралган шарттар ички керектөө рыногун чет элдик рынокко орун берүүсүно шарт түзгөн.

Бирок ошол эле учурда керектөө товарларын өндүргөн тармактардын ишканалары өткөөл мезгилдин каржылык, экономикалык, технологиялык кыйынчылыктарын баштарынан кечирүү менен бирге жаңы кадамдарга ыңгайланышып, ички рынокко гана эмес ЕАЭБдин өлкөлөрүнүн рынокторуна сапаттуу товарларын өндүрүп чыгарбастан, алардын көлөмүн да көбөйткөнгө аракеттенишүүдө. Бул тармактарга эң оболу тигүү, сүт, азык-түлүк өнөр-жайы,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

тамактандыруу ишканаларынын продукциялары, ресторандык, мейманканалык, туристтик бизнес жана ошондой эле агрардык продукция өндүргөн тармактар кирет.

Бир дагы нерсе бир жерде кечке тура бербегендиктен, акырындап убакыттын өтүшү менен ата мекендик керектөө товарларын өндүрүүчүлөр кыйын учурдан алыстоо менен калктын суроо талабына ылайык керектөө товарларынын түрлөрүн, дизайнын, жасалгасын жаңыртуу менен Кыргызстандын ички рыногунда өзүнүн позициясын сактап калууга жетишпестен, Россия менен Казахстандын ички рынокторуна дагы керектөө товарлары менен чыга башташты. Акыркы беш жылдык мөөнөттө керектөө рыногунун абалын талдоодо Кыргызстандын калкынын керектеген товарларын өндүргөн ишкерлердин ишмердигин мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн басымдуу көпчүлүгү өсүүнүн жакшы темпин көрсөтүү менен бирге жергиликтүү калктын суроо-талабын канааттандырган сапаттуу товарларды өндүрүүдө. Бул ишмердикте кичине жана орто ишканалар алдынкы орунда.

Көрсөтүлгөн 3-таблицанын маалыматына ылайык, мейманканалар менен коомдук тамактануу жайлардын көрсөткөн тейлөөлөрүнүн жалпы наркы 2019-жылы 25,6 млрд.сомду түзүп, 2018-жылга салыштырмалуу 7,5 пайызга, ал эми 2015-жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге дээрлик өскөн. Бул тармакта эң оболу (85,8 пайыз) ресторандар, барлар жана тамактандыруу боюнча бөлөк тейлөөлөр алдынкы орунда экени маалыматта берилген.

3-таблица. Кыргызстандагы мейманканалар менен ресторандардын 2019-жылдагы көрсөткүчтөрү [8]

| **Көрсоткүчтөр** | **млн. сом** | | **% менен** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **мурдакы жылга** | | **жыйынтыкка** | |
| | **2015** | **2019** | **2015** | **2019** | **2015** | **2019** |
| **Жалпы** | **19837,6** | **25663,5** | **109,1** | **107,5** | **100** | **100** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| мейманканалар, отелдер жана кыска мөөнөткө жашай турган жайлар | 3211,8 | 3380,4 | 109,5 | 108,0 | 16,2 | 13,2 |
| ресторандар, барлар жана башка коомдук тамактандыруу жайлар | 16625,8 | 22283,1 | 109,0 | 107,4 | 83,8 | 86,8 |

2019-жылы коомдук тамактандыруу ишканаларынын пайдасын камтуу менен чекене соода тармагынын алган пайдасынын жалпы көлөмү 407 млрд.сомдон жогору болуп, 2018-жылга салыштырмалуу 4,7 пайызга өсүп, ал эми 2015-жылга салыштырмалуу 1,3 эсеге жогорулаган.

Чекене соода тармагынын пайдасынын өсүшү негизинен тиричилик түйүндөрүндө товарларды сатуунун өсүүсүнүн эсебинен болуп, 2019-жылы бул өсүү 237 млрд.сомду түзүп, 2018-жылга салыштырмалуу 6,2 пайызга, ал эми 2015-жылга карата 1,5 эсеге өскөн. Чекене соода түзумүндө соода түйүндөрүнүн үлүшү 2015-жылы 53 пайыздан 2019-жылга 58 пайызга оскөндүгү айтып кете турган жагымдуу жагдай болуп эсептелет.

Кыргызстанда чекене соода дүкөндөрүнүн түйүндөрүнүн кеңейтилгенине карабастан, рыноктор дагы оздөрүнүн иштерин алып барышууда. 2020-жылдын башында Кыргызстанда керектөо товарларын саткан 360 кийим-кече, аралаш жана азык-түлуктордун рыноктору иштеген. 2019-жылы рыноктордо керектөө товарлары 170,1 млрд.сомго сатылып, 2018-жылга салыштырмалуу 2,8 пайызга, 2015 салыштырмалуу 11,6 пайызга жогорулаганы менен чекене соода түзүмүндө анын үлүшү 2015-жылы 47 пайыздан 2019-жылы 42 пайызга төмөндөгөн. Бул чекене сооданын өсүп-өнүгүүсүндөгү жагымдуу көрүнүш.

Чекене соодада азык-түлүк товарларынын үлүшү 55 пайызды, азык-түлүк эмес товарлардын үлүшү 45 пайызды түзөт. Кыргызстан боюнча 2019-жылы азык-түлүк товарлары 2018-жылга караганда 6,0 пайызга көбөйүп, башкача айтканда, жалпы 223,4

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

млрд.сомго сатылып, ал эми азык-түлүк эмес товарлар 184,2 млрд.сомго сатылып, 2018-жылга салыштырмалуу 3,3 пайызга жогору болгон.

4-таблица. Тамактандыруу ишканаларынын жүгүртүлүүсүн камтыган чекене сооданын көрсөткүчтөрү [8]

| Көрсөткүчтөр | млн. сом | | % менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | мурдакы жылга карата | | жыйынтыкка карата | |
| | 2015 | 2019 | 2015 | 2019 | 2015 | 2019 |
| **Жалпы** | **310432,3** | **407605,7** | **106,2** | **104,7** | **100** | **100** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| соода ишканалары | 163818,2 | 237533,9 | 110,3 | 106,2 | 52,8 | 58,3 |
| Жүгүртүлүүнүн жалпы көлөмүнүн ичинен азык-түлүк, кийим-кече жана аралаш рыноктору: | 146614,1 | 170071,8 | 102,0 | 102,8 | 47,2 | 41,7 |
| азык-түлүк товарлары | 163822,1 | 223367,9 | 108,6 | 106,0 | 52,8 | 54,8 |
| азык-түлүк эмес товарлары | 146610,2 | 184237,8 | 103,6 | 103,3 | 47,2 | 45,2 |

Кыргызстан боюнча 2015-жылы чекене соода жүгүртүлүүдө тамактандыруу жайларынын жүгүртүлүүсүн өзүнө камтыганда киши башына 54442сомду түзгөн болсо, 2019-жылы аталган көрсөткүч 65027 сомду тузүп, 575 сомго жогорулаган.

5-таблица. 2019-жылга Кыргызстандын территориялары боюнча чекене сооданын жүгүртүлүүсүнүн көлөмү, коомдук тамактандыруунун жүгүртүлүү көлөмүн эсепке албаганда [8]

| | млн. сом | мурдакы жылга карата % менен | киши башына, сом менен | |
|---|---|---|---|---|
| | | | бардыгы | айыл жергесинде |
| **Кыргыз Республикасы** | **385322,7** | **104,6** | **61472** | **25835** |
| Баткен облусу | 14494,2 | 100,5 | 29647 | 13542 |
| Жалал-Абад облусу | 61367,8 | 104,6 | 52563 | 32105 |
| Ысык-Көл облусу | 19803,8 | 101,1 | 41019 | 20777 |
| Нарын облусу | 8238,5 | 104,9 | 29720 | 22259 |
| Ош облусу | 35385,4 | 101,8 | 28008 | 15170 |
| Талас облусу | 12944,6 | 104,0 | 49749 | 22924 |
| Чүй облусу | 56985,4 | 105,6 | 60175 | 45563 |
| Бишкек ш. | 139345,4 | 106,6 | 128583 | - |
| Ош ш. | 36757,6 | 102,4 | 123514 | - |

5-таблицанын талдоосуна ылайык, 2019-жылы чекене соода жүгүртүлүүнүн көлөмүнүн өсүшү Кыргызстандын бардык регионунда жагымдуу болгону айкындалып турат. Бирок Кыргыз Республикасынын ичинде өзгөчө Бишкек шаарында (36 пайыздан жогору), Жалал-Абад облусунда (16 пайыз), Чүй облусунда (15 пайызга жакын) чекене сооданын жүгуртүлүусүнүн көлөму ыкчамыраак өскөн.

Мына ошентип, жүргүзүлгөн жыйынтыктоолордон улам, Кыргызстандагы керектөө рыногунун өсүп-өнүгүп жаткандыгын, бирок анын өсүүдөгү ийгилиги негизинен импорттолгон товарларды жүгүртүү менен байланышта болуп, акчалардын басымдуу бөлүгү өлкөдөн чыгып жаткандыгын көрсөтүлгөн маалыматтардан байкаса болоорун баса белгилеп кетким келди.

Түзүлүп калган кырдаалдан улам жакынкы арада экономикада айрыкча керектөө рыногунун нугун оң тарапка буруу кыйынчылыкты жаратмакчы. Учурда керектөө рыногунда, соода түйүндөрүндө импорттук өндүрүштүн товарлары басымдуу суроо-талапты жаратууда. Ушул кырдаалды кайрадан түптөө үчүн өлкөнүн экономикасынын түзүмүн кайра башынан өзгөртүү талап кылынат. Алсак, ата мекендик керектөө товарларын өндүргөн ишканалардын ишмердигин кайрадан түптөө, өндүрүш иштеринде изилденген алдынкы технологияларды колдонуу, татыктуу айлык маяналуу жаңы жумуш орундарын түзүү, аталган талаптарды аткарууга эбегейсиз инвестиция талап кылынат.

Бул иш-чараларды жүзөөгө ашыруу калктын жумушменен камсыз болуусун жогорулатып, жогорку өндүрүмдүү эмгектенүүгө шыкты күчтондүрүп, ата мекендик керектөө товарларын өндүрүүнун көлөмүн, сапатын жогорулатып, заманбап саркеч талаптарга шайкеш келтирип, импорттук товарлар менен бирдей атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруу менен бирге керектөө рыногун ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн товарлары жана тейлөөлөрү менен толук камсыздоого өбөлгө түзөт. Айтылгандардын бардыгы керектөө рыногундагы калыптанып калган кырдаалды түп-тамырынан бери өзгөртүп, жагымсыз тенденциялардын кулач жайышына бөгөт коюп, калкытн ата-мекендик товарларга жана тейлөөөргө болгон суроо-талабын жогорулатып, керектөө рыногундагы күчтүү суроо-талапка ээ болгон товарларды өндүргөн ата-мекендик өндүрүүчүлөрдү кызыгуусун арттырууга шарттарды түзмөкчү.

**Адабияттар тизмеси**


1. .Койчуев Т.К. Избранные сочинения в 3 томах [Текст] / Т. К. Койчуев. - Б.: ЦЭС при ПКР, 2007.
2. Савин В.Е. Рынок труда в условиях формирующегося информационного Общества [Текст] / В.Е. Савин, Н.Ж. Кошокова, Н.К. Джакубов // Вестник КРСУ. - 2021. - Т. 21. - № 3. - С. 34-42.
3. Уровень жизни населения Кыргызской Республики 2015-2019 [Текст]. - Б.: Нацстатком Кыргызской Республики. 2020.
4. Статистический ежегодник Евразийского экономического союза [Текст] / Евразийская экономическая комиссия. – Москва: 2020.
5. Кыргызстан в цифрах [Текст]. - Б.: Нацстатком Кыргызской Республики. 2020.
6. Орозалиева Б.М., Каниметова А.Б., Иманалиева Б.Т. Анализ состояния промышленности в целях управления собственностью корпораций [Текст] // Вестник КГУСТА. – 2020. - № 3 (69). - с. 490.
7. Малое и среднее предпринимательство в Кыргызской Республике в 2015- 2019 [Текст] - Б.: Нацстатком Кыргызской Республики. 2020. - 212с.